| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br><br>**БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XI-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 20-февралы №15 Барскоон айылы

**Барскоон жергиликтүү кеңешинин айрым**
**токтомдорун жокко чыгаруу**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 39-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамынын 10-беренесине ылайык, Барскоон жергиликтүү кеңешинин айрым токтомдору кабыл алынган күндөн тартып кызыктар тараптар менен Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бирдиктүү бир пикирге келе албай, анын аркасында токтомдоргу нормалар ишке ашпай калгандыгына байланыштуу, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I-чакырылышынын VII-кезектүү сессиясынын 2025-жылдын 25-июлундагы “Барскоон айылына май куюучу станциясын куруугa жер тилкесин ижарага бөлүп берүү жөнүндө” № 47 токтому жокко чыгарылсын.

2. Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I-чакырылышынын VIII-кезексиз сессиясынын 2025-жылдын 2-сентябрындагы “China Road and Bridge Corporation” компаниясынын жумушчулар лагерин жайгаштыруу үчүн Барскоон айыл аймагынан 0,80 га жер тилкесин арендага берүү боюнча” №65 токтому жокко чыгарылсын.

3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, муниципалдык менчик жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына (Л.Элебесов) тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска